КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 10- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2025-жылдын 13- август № 63** **Оргочор айылы**

**Муниципалдык ишканага тиешелүү эскилиги жеткен темирлерди чыгыштоо жөнүндө**

"МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасын карамагындагы эскилиги жеткен техникаларды жана таза сууга тиешелүү темирлерди сатып, муниципалдык ишкананын базасын чыңдоодо натыйжалуу жана максаттуу пайдалануу максатында "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишкананын жетекчисинин милдетин аткаруучу Г.Сейитказиеванын билдирүүсү угулуп жана талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1. "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасынын карамагындагы таза суулардан чыккан эскилиги жетип, дат баскан, сынган темир буюмдарын сатып, суунун керектүү тетиктерин алууга макулдук берилсин.

2. Муниципалдык ишкананын базасын чыңдоого жараксыз техникалардын кемчилик АКТысынын (деффектный акт) негизинде комиссиянын корутундусун кийинки сессияга даярдап сунушталсын.

3. Жараксыз тетиктерди сатууга комиссия курамын түзүп, иш алып баруу жагы Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго жана "МТАА Агро МТС" муницпалдык ишканасынын жетекчисинин милдетин аткаруучу Г.Сейитказиевага милдеттендирилсин жана АКТынын негизинде чыгыштоо жагы тапшырылсын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин финансы пландоо жана айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**